DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Атамбаева У.Ж.*

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЭЛ АРАЛЫК БАЙЛАНЫШТАРЫ

*Атамбаева У.Ж.*

# МЕЖДУНАРОДНЫЕ СВЯЗИ ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА

*U.Zh. Atambaeva*

# THE INTERNATIONAL RELATIONS OF OSH STATE UNIVERSITY

*УДК: 9.93*

*Макалада эгемендүүлүк жылдарындагы ОшМУнун эл аралык аренага чыгуусу, алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдүн ири окуу жайлары, илимий институттары, борборлору, долбоорлору менен түзүлгөн мамилелери тууралуу баяндалат. Кыска мөөнөттө АКШ, Англия, Франция, Германия, Турция, Россия, Индия, Пакистан, Казахстан, Өзбекистан ж.б. өнүккөн өлкөлөрдүн абройлуу, атактуу окуу жайлары, салмактуу долбоорлору жана программалары менен ар тараптуу келишимдерди түзүүгө жетишкени иликтенди. ОшМУнун университеттердин эл аралык Ассоциациясынын, Европанын эл аралык билим берүү Ассоциациясынын мүчөсү, ар түрдүү эл аралык фонддор, коомдор, уюмдар, элчиликтер жана өкүлчүлүктөр менен кызматташуусу аныкталды. Алар ЮНЕСКО, «Сорос-Кыргызстан» фонду, СЕР - жарандык билим берүү долбоору, DAAD – Германиянын билим алмашуу кызматы программасы, Евразия фонду, «Туркия Дийанет Вакфы» - коомдук фонду, АКШнын Тынчтык корпусу, Ага Хан Фонду, Француз кызматташуу бюросу ж.б. ОшМУ дүйнөнүн алдыңкы ЖОЖдору менен кызматташуусу изилденди - АКШнын Мичиган университети, Франциянын Безансон университети, Турциянын Стамбул жана Анкара шаарларынын университеттери, Англиянын Брэдфорд колледжи, Пакистандын Ага Хан университети.*

***Негизги сөздөр:*** *мамиле, эл аралык арена, байланыш, университет, ассоциация, фонд, долбоор, билим, илим.*

*Нами рассмотрены достижения ОшГУ на международной арене, в сфере высшего образования. В годы независимости, университет вышел на международную арену, заключая эффективные договоры с крупными, известными учебными заведениями, научно-исследовательскими институтами, проектами, фондами. В короткое время, ОшГУ сумел наладить взаимовыгодные договоры и сотрудничество с именитыми учебными заведениями, институтами, поектами и фондами США, Англии, Франции, Германии, Турции, России, Индии, Пакистана, Казахстана, Узбекистана и друхих стран. ОшГУ стал членом международной Ассоциацияции университетов, Ассоциации международного образования Европы. Также налажены выгодные взаимосвязи с международными фондами, программами - ЮНЕСКО, фонд«Сорос-Кыргызстан», СЕР - проект гражданского образования, DAAD - программа Германского сотрудничество в сфере образования, фонд Евразии, общественный фонд «Туркия Дийанет Вакфы», Корпус мира США, фонд Ага Хан, бюро Французского сотрудничество и др. Достигнуты соглашения с университетами мировым именем Мичиганский университет США, университет Безансон Франции, университеты Стамбула и Анкары, Брэдфордский колледж Англии, университетАга Хана в Пакистане.*

***Ключевые слова:*** *отношения, международная арена, связь, университет, ассоциация, фонд, проект, образование, наука.*

*We reviewed the achievements of Osh State University in the international arena, in the field of higher education. In years independence, the university entered the international arena, concluding effective contracts with large, well-known educational institutions, research institutes, projects, foundations. In short time, Osh State University managed to establish mutually beneficial contracts and cooperation with renowned educational institutions, institutes, projects and foundations of the USA, England, France, Germany, Turkey, Russia, India, Pakistan, Kazakhstan, Uzbekistan and other countries. Osh State University became a member of the international Association of Universities, Association of International Education in Europe. Also, beneficial relationships have been established with international funds, programs-UNESCO, Soros-Foundation-Kyrgyzstan, CEP-Civic Education Project, DAAD-German Education Cooperation Program, Eurasia Foundation, Public Foundation «Turkia Diyanet Waqfs», US Peace Corps, Aga Khan Foundation, Bureau French Cooperation, etc. Agreements have been reached with world-renowned universities Michigan University of in the USA, University of Besançon of France, the universities of Istanbul and Ankara, Bradford College of England, Aga Khan University in Pakistan.*

***Key words:*** *relations, international arena, communication, university, association, foundation, project, education, science.*

Азыркы учурда даңазасы чыгып турган, билим берүү жаатынын эл аралык аренасына кыска мөөнөттө чыккан Ош мамлекеттик университеттин бирден

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



бир жетишкен ийгилиги өз убагында туура баамдап, эл аралык байланыштарды университеттин приоритеттүү багыттарынын бири катары карап, бул багытта натыйжалуу иштерди алып баргандаганда турат.

ОшМУдагы эл аралык байланыштын стратегиялык негизги максаты - университетти дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине алып чыгуу, жогорку билим берүү системасынын дүйнөлүк стандартына умтулуу жана жеткирүү, окуу жайдын билим берүү, илим, финансы-экономикалык ишмердүүлүгүнө зарыл болгон нормативдик негиздерди кенейтүү жана ага шарт түзүү болуп саналат. ОшМУнун эл аралык байланыштары, алыскы жана жакынкы өлкөлөрдүн жогорку окуу жайлары, ири эл аралык фонддор, программалар жана долбоорлор менен кызматташуу университет статусун алган алгачкы жылдары эле башталганын баамдоого болот. Бул кадамдар ОшМУнун жалпы өнүгүүсүнө олуттуу шарт түзгөн иштиктүү кадамдар болгону да талашсыз. Алгачкы жылдардан баштап эле Ош мамлекеттик университети эл аралык билим берү жана маалымат мейкиндигине ишенимдүү кадам ташталган. Бул багыттагы негизги стратегиялык максаттар:

- ОшМУнун эл аралык байланыштарын түзүү жана аларды ар тараптан кеңейтүү;
- университеттин дүйнөлүк аренада лидерлик орунду ээлеген башка өлкөлөрдүн классикалык жогорку окуу жайлары менен кызматташууну калыптандыруу жана ар тараптан тереңдетүү;
- университетти дүйнөлүк билим берү жана маалымат мейкиндигине киргизүү, билим жаатындагы эл аралык интергациялоо жараянына ар тараптан катышууга өбөлгө түзүү;
- Батыш, Чыгыш өлкөлөрүнүн, Американын аттуу-баштуу окуу жайлары менен кызматташууга шарттарды түзүп, андай аракеттерди тереңдетүү;
- билим берүү, маалымат айдыңындагы эл аралык абройлуу уюмдар, фонддор, долбоорлор менен кызматашуу ж.б.
- биргелешкен жана өз алдынча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү;
- ОшМУу дүйнөлүк билим берүү системасына жөн эле киргизүү эмес, ошол эл аралык интеграциялоо жараяны аркылуу ОшМУну эл аралык аренада орду бар Кыргызстандын бирден-бир олуттуу жогорку окуу жайына айлантуу.

ОшМУ кыска мөөнөттө АКШ, Англия, Франция, Германия, Турция, Россия, Индия, Пакистан ж.б. ири өнүккөн өлкөлөрдүн абройлуу, атактуу окуу жайлары, ири илимий борборлору, салмактуу долбоорлору жана программалары менен ар тараптуу келишимдерди түзүүгө жетишти.

ОшМУ 1995-жылдан бери университеттердин эл аралык ассоциациясынын, 1997-жылдан бери Европанын эл аралык билим берүү ассоциациясынын мүчөсү. Азыркы учурда университет ар түрдүү фонддор, коомдук структуралар, эл аралык уюмдар, элчиликтер жана өкүлчүлүктөр менен кызматташуу жүргүзөт. Алар ЮНЕСКО, «Сорос-Кыргызстан» фонду, СЕР - жарандык билим берүү долбоору, DAAD – Германиянын билим алмашуу кызматы программасы, Евразия фонду, «Туркия Дийанет Вакфы» - коомдук фонду, АКШнын Тынчтык корпусу, Ага Хан Фонду, Француз кызматташуу бюросу ж.б. ОшМУ дүйнөнүн алдыңкы ЖОЖдору менен кызматташат - АКШнын Мичиган университети, Франциянын Безансон университети, Турциянын Стамбул жана Анкара шаарларынын университеттери, Англиянын Брэдфорд колледжи, Пакистандын Ага Хан университети.

Бул багытта ОшМУнун түзүлгөнүнүн алгачкы жылдары эле атайын **Эл аралык байланыштар бөлүмү** ачылган. Расмий түрдө ошол кездеги ректор Б.Ж. Бешимовдун атайын буйругу менен аталган бөлүм 1996-жылдын октябрь айында ачылган. Бул кадамдын өзү эле университеттин эл аралык байланыштарын тиешелүү жолго коюу максатындагы реалдуу кадамдардын бири болуп калды. Кийинчерээк 2006-жылдын 25-апрелинде ректор М.О. Орозбековдун №152/2 буйругу менен ОшМУнун Эл аралык байланыштар бөлүмү **Эл аралык кызматташуу департаментине** айланган [1].

ОшМУнун эң алгачкы эл аралык байланышы Түркия мамлекети менен болгон талашсыз факт. Архивдик материалдарга таянсак, 1993-жылы ОшМУ менен Түркиянын мамлекеттик “Түрк динает вакфы” менен атайын келишим түзүлгөн. Анын натыйжасында Кыргызстанда биринчи жолу ОшМУнун алкагында **Теология факультети** ачылган. Келишимге ылайык ар жылы ОшМУнун 60 студенти Анкара университетинде акысыз 1-2-курстарда билим алышып, 3-4-курстарды ОшМУда улантып келишкен. Ошондой эле ОшМУнун Теология факультетинин ишин жолго коюу максатында Түркиянын университеттеринен 6 профессор Ошко келип эмгектенишип, тажрыйба бөлүшкөн. Түрк мамлекетинин ири инвестициясы – **2 млн. америкалык доллар** өлчөмүндө алгачкы жолу ОшМУга тартылган. Анын эсебинен ОшМУнун Теология факультетинин окутуучулары үчүн 6 кватиралуу көп кабат үй, 160 орундук жатакана курулуп, 67 миң америка долларына окуу куралдары, жабдыктары

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



жана китептери сатылып алынган. Факультетти ачууда фонд **4 млн.** АКШ доллары акча каражатын сарптады. 2005-жылдын 24-ноябрында профессор Мустафа Эрдемдин каржылоосу менен жаштарды тартипке жана ыймандуулукка чакыруу максатында ОшМУнун теология факультетинин аймагына «Эрдем» мечити курулду [2].

Экинчи ири эл аралык байланыш 1994-жылы АКШ Орегон штатынын Портлен мамлекеттик университети менен 2 жылдык мөөнөткө түзүлгөн. Аталган келишимге ылайык ОшМУ **300** миң америкалык долларлык грант алып, ага шайкеш университеттин **11** окутуучусу стажировкадан жана **4** студенти академиялык мобилдүүлүк боюнча алмашуу программасын турмушка ашырган. Өз кезегинде ОшМУда Портлен университетинин 4 окутуучусу жана 4 студенти болуп кеткен. Алар ОшМУнун эле ОПК, студенттерин окутпастан, алгачкы жолу Ош областынын ишкерлерин да окутушкан. Мындай натыйжалуу иш аракеттердин натыйжасында ОшМУда **Менеджемент жана бизнес факультети** ачылып, партнерлор тарабынан алгачкы 4 компьютер, бизнес, менеджемент, медицина жана чет тилдер тармактары боюнча окуу китептери белекке берилген. Кийнчерээк 1996-жылы ОшМУ АКШ Айдахо университети, Джордж Мейсон университеттери, Айрекс программасы менен кызматташтыкты түзө алган. Ошол эле жылы Айдахо университетинин “Фергана өрөөнүндөгү улуттар аралык конфликтерди изилдөө борбору” менен бирдикте ОшМУнун алкагында **“Фергана өрөөнүндөгү чыр чатактар – конфликтер”** атуу долбоор ишке киргизилген. Ал эми Айрекс программасынын колдоосу менен 1995-жылы ОшМУ алгачкы жолу **Интернет сеттерине** туташтырылган, алгачкы жолу 300 абоненттик **электрондук почта** иштей баштаган [3]. ОшМУнун ОПК, студенттери үчүн бул зор ийгилик да, жетишкендик да, жаңылык да болгону талашсыз.

2003-жылы майда АКШ өкүлчүлүгүнүн демократия комиссиясынын жардамы аркылуу **"Академиялык чынчылдык"** долбоору иштей баштады. Долбоордун негизги максаты студенттер, окуучулар жана Ош шаарындагы мугалимдер ортосунда адептүүлүк, укуктук аң-сезиминин денгээлин жогору көтөрүү. 10 адамдан турган демилгелүү топ өздөрүнө төмөнкү милдеттерди койду: **студенттерди академиялык чынчылдыкка тарбиялоо; паракорлук менен күрөшү.**

2004-жылы Эл аралык кызматташуу департаментинин жардамы менен ОшМУда **«Америка таануу борбору»** ачылган. 2002-жылы Ош мамлекеттик университет Кливленд мамлекеттик университети жана Хирам колледжи (Огайо штаты, АКШ) менен биргеликте АКШ мамлекеттик департаментинин программасынын чегиндеги NISCUPP (АКШ жана ОШ университеттери арасындагы шериктештик программасы) багытында шериктештик долбоорду жүзөгө ашырып баштаган. Долбоор үч жылга эсептелген жана ше риктеш университеттердеги окутуучулардын билим алмашуу иш-аракети аркылуу коомдук башкаруу боюнча окуу курсун иштеп чыгууга багытталган. 2004-жылы жазгы семестрде ОшМУнун Эл аралык билим беүнү интеграциялоо факультетинен 4 окутуучу Кливленд мамлекеттик университетинде стажировкадан өтүштү. 2005-жылдын январь айында болсо ушул эле программанын чегинде ОшМУнун дагы 4 окутуучусу АКШнын Кливленд университетинде стажировкадан өтүштү. 2004-2007-жылдардын аралыгында АКШнын Монтана университети менен кызматташуунун негизинде ОшМУнун юридика факультетинин базасында Клиникалык билим берүнү өнүктүрү долбоору ишке ашырылды. ЭАБД 2006-жылдан Корея өкмөтүнүн чет өлкөлөрдөгү Интернетти өнүктүрү боюнча билим-программасы менен кызматташтыгын жүзөгө ашырды. ЭАБД кызматкерлеринин жардамы аркылуу ОшМУнун студенттери жана окутуучулары учун компьютердик сабаттуулук менен веб-дизайн боюнча жайкы акысыз окуу курстары уюштурулган. Курсту Сеулдан келген **"Кореянын интернет волонтерлору"** программасынын жаш адистери өткөрүшкөн.

Университет 2006-жылдан баштап коомдук коммерциялык эмес союз LOGO e V менен кызматташтык келишимине кол койгон. Ушул контракт аркылуу ОшМУнун жана Ош шаарынын башка университет теринин студенттери Германиянын экологиялык фермер чарбасында 6 ай ичинде же андан көп аралыкта өндүрүш практикасын өтөй алат.

ОшМУ - Европалык уюмдун **TEMPUS** программасынын активдү катышуучуларынын бири. Бул программа КМШ, Чыгыш Европа жана Монголия өлкөлөрүндөгү жарандык коомду чындоо жана базар экономикасына өтү процессии колдоону максат кылат. ОшМУ үчүн болсо **TEMPUS** программасы билим берүүдөгү ийгиликтерди жаратуучу бирден-бир багыттардын бири болуп саналат. Анткени бул программа жогорку билим берүүдөгү дээрлик бардык тармактардагы реформаларды козгогои комплекстүү мүнөзгө ээ. TEMPUS долбоорлору түрдү багыттарды камтыйт: алсак, билим берүнү башкаруу реформасы жана университеттин түрдүү административдик бөлүктөрүндөгү ишмердүүлүктөрдү модернизациялоо, жаңы окуу курстарын, окуу усулдарын иштеп чыгуу жана

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



аларды окуу процессинде колдонуу ж.б.

1995-жылы Англиялык Темпус//Тасис долбооруна катышып, ОшМУнун Педагогика факультетинин базасында Кыргызстандын **Медициналык психология борбору** ачылып, Түштүк чөлкөмү үчүн медициналык айымдарды даярдоо жана кайра даярдоо аракети каралган.

2005-2006-жж. ОшМУда TEMPUS SCM T012B04 2005 «Кыргыз Республикасындагы Болон процесси боюнча улуттук маалымат борборлорду түзүү» долбоору ишке ашырылган. ОшМУ Италия, Бельгиядагы университеттер жана Кыргызстандагы 14 университеттин арасындагы түзүлгөн консорциумдун мүчөсү болгон. Ушул долбоордун чегинде консорциумга кирген Кыргызстандагы бардык 14 университетте болгон тайпалары куралган. Долбоордун максаты – Болон процесси жөнүндө маалыматтарды топтоо жана алып келүү; аны Кыргыз Республикасындагы жогорку билим берүү системасынын контекстинде колдонуу; өтүлүп жаткан иш-аракеттер жөнүндөгү маалыматтарды жайылтуу: www.bolognakg.net интерактивдүү вебсайтын ишке киргизү болгон. Университеттин кызматкерлери КГУСТА жана НГУ тайпалары менен кызматташтыкта Тюнинг усулун колдонуу менен Менеджмент багыты боюнча эксперименталдык окуу программасын иштеп чыгышты жана бул боюнча **«Процесс обновления в вузах Кыргызстана. Применение методологии Тюнинг и приведение высшего образования Кыргызской Республики в соответствие с Болонским процессом»** (www.bolog nakg. net.) аталыш менен брошюра басылып чыккан. Ушул эле долбоор 2006-2007-жж. улантуу үчүн Европа Комиссиясы тарабынан колдоого ээ болгон, анын темасы: TEMPUS T057A06-2006 «Болон процесси боюнча Борборлорду кеңейтү Кыргыз Республикасында Тюнинг-Команданы колдоо» (Болонья. КО). Учурда ОшМУдагы деле консорциумдун курамында. Мында 14 Кыргызстандык университет жана Пиза Университети, Италия жана Гент университета, Бельгия өлкөлөрүндөгү ЖОЖдун мүчөлөрү болуп саналат [4].

ЭБДнин кызматкерлеринин ишмердиги менен TEMPUS JEP_ 26179_2005 EBAK **«Айыл чарба боюнча Бакалавр»** гранты утуп алынды. Шериктештер: Прикладдык илимдер жана жаратылыш ресурстары - BOKU (Австрия), Прикладдык илимдер университети - Оснабрюк (Германия), Университет Сцегед (Венгрия), Университет Ллейда (Испания), Союз LOGO e.V., Талас мамлекеттик университети (Кыргызстан), Ош мамлекеттик университети (Кыргызстан). Гранттын суммасы 526 мин еврону түзөт. Долбоордун чегинде ОшМУнун окутуучулары Европада атайын окуудан өтүштү. Айыл чарба боюнча бакалаврларды даярдоо үчүн гранттын эсебинен окуу аудиториялары заманбап жабдуулар менен камсыз болду. Германия, Австрия, Испания, Венгриялык университеттер долбоорду ишке ашырууда окуу-усулдук жактан натыйжалуу иш-аракеттерди жасашты.

Түндүк Дакота университети (ТДУ) абдан кенен жана аябай жакшы уюштурулган дистанттык окутуу системасына ээ. Бул тажрыйбаны алып аны колдонуу Кыргызстандагы элеттик программаны колдоого жана дистанттык окутууну чыңдоого шарт түзөт. 2007-жылдын 14-18 сентябрь күндөрү Чарльз Купчелло башында турган ТДУнун жетекчилиги ОшМУга келген. Америкалык делегация иш сапардын жүрүшүндө университеттин институттары, факультеттери, борбордук китепканасы жана эл аралык борборлордун иштери менен таанышты. Иш сапардын жүрүшүндө эки университеттин ортосундагы кызматташтык келишимине кол коюлду.

1995-жылы Франциянын РФ толук ыйгарымдуу элчиси Пьер Морелдин ОшМУга болгон расмий визитинен кийин, алардын колдоосу менен Чет тилдер факультетинин базасында **француз тили бөлүмү** ачылган. Француздар тарабынан ОшМУга 1 телевизор, 1 видеомагнитофон, 2 магнитофон, окуу кимкпери жана колдонмо куралдары берилген. Ошону менен катар эле ОшМУнун 6 окутуучусу Франциянын Гренобль, Безансон шаарларында стажировкадан өтүп келишкен. Француз Өкмөтү тарабынан ОшМУнун француз тили бөлүмүнө – 300 окуу китептери, 12 аудиокассеталар, окуу программалары камтылган 2 компакт диск белекке берилген. Булардын баары француз тилин үйрөнүүгө ынтызар студенттерге мыкты өбөлгө, шарт түзгөн.

ОшМУнун эл аралык байланыштарынын ийгиликтүү кадамдарынын бири Германиянын бир катар окуу жайлары, атайын кызматтары, коомдору жана долбоорлору менен кызматташуу болгон. Мисалы, 1995-жылы ДААД – академиялык кызматташуу боюнча немецтик кызматы, 1996-жылы ГТЦ долбоору жана Москвадагы Гете атындагы институттун филиалы, 1997-жылы ИЦНК - Немец маданиятынын маалымат борбору ж.б. кызматашууга жетишкен. Алардын натыйжасында ФРГнын жайкы мектептеринде атайын курстарда немец тилин окуп, үйрөнүү жана стажировкадан өтүү үчүн ар жылы ОшМУнун чет тилдер факультетинин 3-курсунун студенттеринен 8-10 студент жана илимий даража алууга окутуучулардан тандалып алынган. ОшМУнун Табият-таануу жана география факультетинин айыл чарба бөлүмү менен ГТЦ ортосунда **Ош областынын жеке дыйкан**

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



**чарбаларын колдоо борбору** жана **Фермерлер үчүн консультативдик борбор** ачылган. Дагы бир жагы, Гете атындагы институттун филиалы жана - Немец маданиятынын маалымат борбору менен биргеликте Кыргызстандагы ФРГ элчилигинин колдоосу менен студенттер, окутуучулар үчүн атайын семинарлар, ОшМУнун Чет тилдер факультетинин алкагында немец элинин тарыхый, маданий мурастарын пропагандалоо максатында Кыргызстанда биринчи жолу **Немец маданиятынын маалымат борбору** ачылган.

1990-жылдары ОшМУнун эл аралык кызматташуу аренасында Индия мамлекети менен түзүлгөн карым-катнаш пайда болду. Индиянын Кыргызстандагы элчилигинин жана Маданий байланыштар боюнча Индиялык Кеңештин колдоосу менен 1996-жылы ОшМУнун Дүйнөлүк тилдер факультетинин алкагында эки жактуу кызматташуунун натыйжасында **Индия борбору** ачылган. ОшМУнун аталган факультетинин студенттери жана окутуучулары Индиянын жогорку окуу жайларында атайын курстардан жана стажировкалардан өтүп келишсе, ошол жактан келген индиялык окутуучулар, эксперттер ОшМУнун Индия борборуна келишип лекцияларды окуп, атайын семинарларды өткөрүп турушкан. 1997-жылы ОшМУнун алкагында **Индиялык изилдөө борбору** ачылып, аны расмий түрдө ачууга Индиянын кыргызстандагы толук ыйгарымдуу элчиси жана Индиянын комерция министри катышышкан. Индия тарап ОшМУнун студенттеринин жана ОПК колдонуусу үчүн атайын китепкана ачып, ага 99 томдон турган “Махатма Гандинин окуулары”, 250 нускадан ашык Индиянын тарыхы, маданияты тууралуу китептерди тартуулаган.

1996-жылы ОшМУ Нидерландиянын Амстердам униерситети менен кызматташууга жетишип, натыйжада Амстердамдык эксперттер ОшМУда лекцияларды, семинарларды өткөрүшсө, ОшМУнун ОПК жамаатынын өкүлдөрү Амстердам университетинде **“Борбордук Азия кафедрасынын”** ачылышына көмөктөшкөн. Ошол эле 1996-жылы декабрында Египеттик “Тайба” эл аралык ассоциациасы менен кызматташуу тууралуу келишим түзүлүп, анын алкагында египеттик адистер ОшМУнун студенттерине жана окутуучуларына араб тилин үйрөтүүгө көмөктөшкөн.

ОшМУнун алгачкы эл аралык байланыштары абройлуу, ири Ага хан фонду, Сорос фонду, Европалык эл аралык билим берүү ассоциациясы, Университеттердин эл аралык ассоциациясы, бир катар программалар, долбоорлор менен кызматташуу болгону да талашсыз. Мисалы, 1994-жылы эки жактуу келишимдин негизинде Ага хан фондунун колдоосу менен ОшМУнун 2 окутуучусу Лондон экономикалык мектебинде, Англиянын Дарем университетинде Саясий илим жана англис тили боюнча билимин өркүндөтүп келишкен. ОшМУнун 3 окутуучусу Пакистандын Карачи шаарындагы Ага хан университетинде окушуп, “билим берүнүн магистри” эл аралык сертификатын алып келишкен. Мындан башка студенттерге, аспиранттарга стипендия, Чет тилдер факультетин тилдер лабораториясын жабдуу максатына **9,5 миң** америка долларынын көлөмүндө көмөк көрсөткөн. Ошол эле убакта 1997-2000-жылдары Борбордук Азиядагы Ага хан фондунун билим берү жаатынын - ФАХО Душанбедеги борборунун **“Инсан таануу” - “Человековедение”** долбооруна 1997-1998-жж. доцент Б.К. Абытов, кийинчерээк доценттер Ж.Сулайманов, А.Кулназаров, ага окутуучулар С.Тажиматов, З.Эргешов, А. Мырзакметовдор, В. Кубатовалар катышып, аталган долбоордун ОшМУда ачылган борборунун ишин алып барышкан [5].

1997-жылы Англис тилине окутууда жаңы технологияларды колдонуу борборунун ачылышы ОшМУнун **Дүйнөлүк Ага Хан** уюму менен кызматташуусунун жемиштүү башталышы болду. Борбор чет тилине үйрөтүүдөгү заманбап жабдуулар менен жабдылган. Борбордун иш-аракети 1997-жылдан баштап 2004-жылга чейин ушул программанын негизинде 84 англис тили окутуучусу өз билимдерин жогорулатышты. 1997-2004-жылдардын аралыгында чет тилдер факультетинде Ага Хан уюмунун колдоосу менен англис тили боюнча программа иштеп турду. Ага Хан уюму ошондой эле ОшМУнун англис тил окутуучуларынын Карачи шаарындагы (Пакистан) Ага Хан университетинин билим берүүнү өнүктүрүү институндагы 2 жылдык магистрликке жана 2 айлык стажердук программасы боюнча окуусун каржылаган. Бул долбоор эл аралык долбоор, ага Пакистандан, Кениядан, Танзаниядан, Тажикстандан жана Кыргызстандан окутуучулар катышышкан. Университеттин түрдүү факультеттеринен – филология, физика-математика, табият таануу, география, дүйнөлүк тилдер факультеттеринен 12 окутуучу билим берүүнү өнүктүрүү институтунда 2 айлык стажировкадан өтүп келишкен. Ал эми Сорос фондунун ар тараптуу семинарларына, окуу программаларына жана тренингдерине ОшМУнун ОПК активдү катышса, Польшанын Краков шаарында өтүчү ар жылкы политологдордун жана социологдордун жайкы мектебине ОшМУнун окутуучулары катышып турушкан. Мындан башка Сорос фонду факультеттер үчүн илимий, окуу китептерин сатып алууга көмөктөшкөн. Кийинки жылдары

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



ОшМУнун эл аралык байланыштары натыйжалуу жана иштиктүү уланган. Университеттин миссиясында белгиленгендей ОшМУнун эл аралык аброюн жогорулатуу менен катар эле аны билим берүүнүн, илимдин жана маданияттын дүйнөлүк мейкиндигине интеграциялоо уланган. Эл аралык кызматташууну кеңейтүү максатында бир катар иштиктү аракеттер болгон. Мисалы, 2017-жылы ОшМУ РФ Белгород мамлекеттик улуттук изилдөө университетинде **15** жогорку окуу жайлардын ортосунда **"Эл аралык кызматташууну өнүктүрүү жөнүндө Декларацияга"** кол коюга жетишкен. **"Эразмус+"** долбоорунун алкагында Эстониянын Тарту университети менен кызматташууга жетишти. Ректор К.А. Исаковдун КЭР расмий иш спараында Синьзянь педагогикалык университети менен **"Кош диплом берү"** боюнча келишимге кол коюшту. ОшМУнун ректору К.А.Исаковдун Испаниянын Кадис университетине болгон иш сапары жемиштүү өтүп, анын жыйынтыгында ОшМУнун алкагында Испан борбору жана **Кыргыз-Европа факультети** – испан тили адистиги менен ачылды. ОшМУ ШОС университеттеринин жумалыктарына, ар түрдүү ишчараларына да активдүү катышат. Анын алкагында ОшМУнун эл аралык кызматташуунун натыйжасында Республика Казахстанын Нархоз университетине 16 студент, Түштүк Кореянын Чонбук университетине - 10, Япониянын Окинава институтуна, КЭР Синьзянь педагогикалык университетине, Эстониянын Тарту университетине 1 студент, Испаниянын Кадис университетине 2 студент, 1 магистрант 2 семестрге окууга жөнөтүлдү. Туркиянын "Мевлана" долбоорунун негизинде 5 ОПК тажрыйба алмашып келсе, 3 окутуучу, 5 студент гранттык негизде окууга кабыл алынды. Эл аралык кызматташуунун дагы бир көрсөткүчү ОшМУда окуп жаткан чет элдик студенттер. 2017-18-окуу жылына алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдөн келип ОшМУда студенттердин контингенти **2312** студентке жеткен. Алардан башка ОшМУнун алкагында атайын Иран борбору, Япон, Индия, Немец тилин өркүндөтүү, Америка таануу, Тынчтыкты изилдөө борборлору иш алып барат.

Акыркы жылдары ОшМУнун эл аралык кызматташуусунун натыйжасында Испаниянын Кадис университети менен биргеликте **Кыргыз-Европа факультети** ачылып, 5 адистикке студенттер кабыл алынды. Түркиянын Кастамону университети менен биргеликте **Кыргыз-Түрк факультети** ачылып, андагы окуган студенттерге кош диплом алуу мүмкүнчүлүгү түзүлдү. 2018-жылдын 12-декабрь күнү Кытайдын Сиань шаарында Дүйнөдөгү Конфуций институттарынын салтанаттуу жыйынында ОшМУнун билим берүүдөгү ийгиликтери эң мыкты деп таанылып, **Алтын медаль** ыйгарылды. Ал эми ОшМУнун ректору К.А. Исаковго Кытай өкмөтүнүн вице-премьери **"Эң мыкты ректор"** деген эл аралык сыйлык тапшырды. Эл аралык мамилелер уланып, жакынкы чөлкөмдөгү Фергана, Андижан, Наманган, Ходженттеги 7 университет менен байланыш бекемделди. Чехиянын Плзень университети, Прагадагы Агрардык университет, Кытайдагы Цинхуа, Пекин Чет тилдер университети, Испаниянын Кадис, Германиянын Йена, Гумбольдт университеттери, Индия, Румыния, Хорватия, Корея, Япония, Малайзиянын университеттери, Туркиянын Ардахан, Кастамону университеттери, Россия, Казакстандын, Европанын университеттери менен өз ара кызматташуунун натыйжасында 500 ашык студент, 200 ашуун окутуучулар сырткы мобилдүүлүктөн өтүп келишти. Пекинде жайгашкан Цинхуа университетинин жетекчилиги менен иштиктүү сүйлөшүүлөр жүргүзүлдү.

Эл аралык Түрк академиясы менен атайын келишимге кол коюлду. ОшМУнун демилгеси менен **"Фергана өрөөнүндөгү университеттердин Альянсын"** түзүү планынын алкагында Өзбекстандын Андижан мамлекеттик университети, Андижан мамлекеттик медициналык институту, Андижан машина куруу институту, Андижан айыл чарба институту жана Фергана, Наманган университеттеринин жетекчилери катышкан төгөрөк стол болуп өттү жана атайын декларацияга кол коюлду. Конок лекцияларды өткөрүүнү активдештирүү боюнча жыл ичинде университет боюнча 100дөн ашуун профессор, окумуштуулар конок лекцияларын өткөрүштү [6]. Булардын баары ОшМУнун эл аралык байланышы тынымсыз өнүгүү үстүндө экени тууралуу кабар берет.

ОшМУнун эл аралык байланыштар, академиялык мобилдүүлүк, билим берүүнү экспорттоо, импорттоо жана инвестиция тартуу боюнча ишмердүүлүгү университеттин миссиясына ылайык ОшМУнун 2011-2015-жылдарга чейинки өнүгүү концепциясынын, 2013-2018-жылдарга стратегиялык өнүгүү программасынын, интернационалдаштыруу жана академиялык мобилдүүлүк боюнча 2022-жылга чейинки стратегиясынын жана ОшМУнун академиялык мобилдүүлүк жөнүндөгү жобосунун негизинде жүргүзүлөт. Университетке инвестиция тартуу максатында эл аралык долбоорлор жазылып, гранттар билим берүү системасын реформалоого, илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүгө, жаңы адистиктерди ачууга жана инфрастуктураны жакшыртууга колдонулууда. Инвестициялык каражаттар университетке түздөн-түз жана окуу жана илимий адабияттар менен камсыз кылуу

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



жана кыйыр каржыланган конференция, семинар, тренингдерди жана курстарды уюштуруу жана өткөрүү жолдору менен келип түшөт.

Ош мамлекеттик университетине эл аралык долбоорлор аркылуу 2015-2018-жылдарда келген гранттар төмөнкү таблицада көрсөтүлгөн [7]:

| № | Түзүмдүн аты | Гранттын суммасы |
|---|---|---|
| 1. | Медициналык клиника | 34900000 сом, 170000 евро, 19000 долл. |
| 2. | Юридика факультети | 34 000 сом, 2000 доллар |
| 3. | Теология факультети | 838 762 доллар |
| 4. | Эл аралык байланыштар факультети | 29 624,00 евро |
| 5. | Дүйнөлүк тилдер, маданият факультети | 206 600 евро, 78 535 доллар |
| 6. | Бизнес жана менеджмент факультети | 17 000 доллар |
| 7. | Кыргыз-Европа факультети | 62 400 евро |
| 8. | Арашан гуманитардык институту | 620 000 доллар |
| 9. | Математика жана информациялык технологиялар факультети | 2453 800 сом |
| 10. | Табият таануу жана география факультети | 2 598 000 сом |
| 11. | Кыргыз-Кытай факультети | 1 031 000 доллар |
| 12. | Индустриалдык-педагогикалык колледж | 1000 000 доллар |
| | **Баары:** | **39.985.800 сом, 468.624 евро, 1.579.757 доллар** |

Жогоруда көрсөтүлгөн инвестициялардын жардамы менен ОшМУ Кыргыз-Кытай факультетинин жаңы окуу имаратын, жатаканасын, Арашан гуманитардык институтунун спорттук комплексин жана жатаканасын салдыргын. Булардан башка виртуалдык клиника, юридикалык клиника түптөлүп, окуу адабияттары, техникалык каражаттар жана спорттук инвентарлар алынган. Математика жана информациялык технологиялар факультетинин базасында бакалавриат баскычында **“Медициналык информатика жана биоинженерия”** академиялык программа ачылды жана быйылкы окуу жылында алгачкы студенттер кабыл алынды.

Ош мамлекеттик университети академиялык мобилдүүлүктүн вертикалдуу жана горизонталдуу багыттарында өз ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө. **Вертикалдуу** багытта ОшМУнун студенттеринин (магистранттарынын) жана профессордук-окутуучулук курамынын ички жана сырткы академиялык мобилдүүлүгүн камсыз кылуу жаатында эл аралык “Мевлана”, “ДААД”, “Эразмус+”, АКШнын мамлекеттик департаментинин “ЮГРАД”, “СУСИ”, “ШОС Университеттери” академиялык программалары жана жергиликтүү “Ош декларациясы” программасы көрүнүктүү иш алып барууда. Академиялык мобилдүүлүктүн динамикасын акыркы 4 окуу жылдын мисалында көрүүгө болот. Академиялык мобилдүүлүккө катышкан ОшМУнун студенттеринин, магистранттарынын жалпы саны **632** болсо алардын ичинен факультеттер боюнча - Теология – **134,** Кыргыз-Кытай факультети **– 110,** Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультети – **86**, Эл аралык мамилелер – **98**, Математика жана информациялык технологиялар – **76**, Медицина – **48** ж.б. мобилдүүлүк боюнча жарышка катышышкан. Сырткы мобилдүүлүктүн эң көп катталган мезгили 2016-17-окуу жылга дал келип, баардыгы болуп 250 студент, магистрант тышкы академиялык мобилдүүлүккө катышып келишкен.

Студенттер менен бирге ОшМУнун студенттеринин, магистранттарынын жана окутуучулук курамынын академиялык мобилдүүлүк аркылуу барган мамлекеттеринин географиясы да кызыкчылыкты туудурган маселелердин бири. Андай маалыматтар да такталды. 2014-2018-жылдары жогорку окуу жайларына көп барган мамлекеттердин катарында Турция - 285, Кытай - 203, Казахстан - 175, Өзбекстан - 42, Индия - 34, Германия - 26, Корея -21, Чехия - 21, Россия - 18, Япония - 17, АКШ - 16, Кипр - 15, Испания - 15, Тажикстан - 5, Польша - 4, Грузия - 3, Бириккен Араб Эмираттары - 3, ж.б. өлкөлөр бар. Баардыгы болуп 2014-2018-жылдары **934** студенттер жана магистранттар академиялык мобилдүүлүктүн алкагында билим алып келишкен. Бул жаатта сырткы мобилдүүлүк боюнча эң көп барган, түшүмдүү жыл - 2016-2017-окуу жылы болгон.

Жогорку маалыматтарда көрүнүп тургандай, сырткы академиялык мобилдүүлүккө чыккан студенттердин, магистранттардын жана окутуучулардын саны иликтөөгө алынды. Айрыкча Кыргыз-Кытай эл аралык байланыштар, дүйнөлүк тилдер жана маданият, медицина, теология, бизнес жана менеджмент,

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



математика жана информациялык технологиялар факультеттеринде академиялык мобилдүүлүк процесси активдүү иштеп жаткандыгын байкоого болот. Жогорудагы сандык маалыматтар, Кытай, Түркия, Казахстан, Германия, Индия, Корея жана Япониянын жогорку окуу жайлары менен катнаштын жакшы жолго коюлгандыгын тастыктайт. Ал эми **горизонталдык** мобилдүүлүк боюнча чет өлкөлүк студенттер, магистранттар жана окутуучулар эл аралык проекттердин жардамы менен ОшМУда билим алышып, окутуучулар сабак берип, конок лекцияларды окушуп, илимий-изилдөө иштерин жүргүзүп келишүүдө. Горизонталдык академиялык мобилдүүлүк Эразмус+, Мевлана, ДААД, ШОСУ, Бош Фонду, АКШнын мамлекеттик департаменти, Британ Кеңеши, ЮНЕСКО, ТИКА, “Сорос-Кыргызстан”, Диянет тарабынан каржыланган программалар, университеттер тарабынан жана жеке каржылоолор менен ишке ашырылууда.

ОшМУга келип 2014-2019-окуу жылдарда билим алып, илимий-изилдөө иштерин жүргүзүп кетишкен чет өлкөлүк студенттердин, магистранттардын саны факультеттер боюнча мындай болгон: Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультети – 13, Эл аралык мамилелер факультети – 11, Медицина факультети – 10, Бизнес жана менеджмент факультети – 3, Кыргыз филологиясы жана журналистика факультети – 2. Баардыгы болуп 41 адам көрсөтүлгөн жылдары ОшМУга келип, үз максаттарына жетип кетишкен. Мобилдүүлүктүн алкагында ОшМУда билим алып, илимий такшалуудан өтүп, изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары менен бөлүшүп кеткен чет өлкөлүк студенттер жана магистранттар, негизинен, дүйнөлүк тилдер жана маданият, медицина жана эл аралык мамилелер факультеттеринде арбын экени байкалат. Анын себеби, ошол факультеттерде окуу процесси англис жана немец тилдеринде жүргүзүлөт. Бош Фонду, ДААД академиялык алмашуу кызматы, Гете институту тарабынан гранттык колдоолордун негизинде Германиядан магистранттар дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетине толук 1-семестрге илимий такшалууга келип турушат. Батыш Чех университети менен түзүлгөн келишимдин негизинде эл аралык мамилелер факультетине 8 студент 2017-2018-окуу жылдын башында келип билим алып кетишти. ОшМУда сабак берип, конок лекция окуган жана илимий-изилдөө иштерин жүргүзүп кеткен чет өлкөлүк окутуучулардын жалпы саны өзүнчө таблицада көрсөтүлгөн [8]:

Чет өлкөлүк окутуучулар Кыргыз-Кытай, дүйнөлүк тилдер жана маданият, теология жана эл аралык медицина жана медицина факультеттерине көбүрөөк келээри жогорудагы таблицада көрүнүп турат. Эл аралык лекторлор программасынын жардамы менен дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинде конок лекциялар байма-бай өтүп турат. Фулбрайт программасы аркылуу АКШдан англис тилин окутуунун адистери келип сабак өтүшүп, илимий-изилдөө иштерин өткөрүп турушат.

| № | Факультет/колледж | 2014-2015-окуу жылы | 2015-2016- окуу жылы | 2016-2017-окуу жылы | 2017-2018-окуу жылы |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Кыргыз филологиясы жана журналистика факультети | - | - | - | 4 |
| 2. | Орус филологиясы факультети | 1 | 1 | 2 | 2 |
| 3. | Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультети | 14 | 13 | 21 | 27 |
| 4. | Кыргыз-Европа факультети | - | - | - | 1 |
| 5. | Эл аралык мамилелер факультети | 8 | 8 | 10 | 12 |
| 6. | Кыргыз-Кытай факультети | 9 | 20 | 30 | 30 |
| 7. | Теология факультети | 8 | 7 | 11 | 10 |
| 8. | Эл аралык медицина факультети | - | 2 | 3 | 5 |
| 9. | Бизнес жана менеджмент факультети | 1 | 5 | 2 | 1 |
| 10. | Медицина факультети | 3 | 3 | 2 | 12 |
| 11. | Математика жана информациялык технологиялар факультети | - | 1 | - | 1 |
| 12. | Физика-техника факультети | 1 | - | - | 4 |

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 13. | Педагогика жана дене тарбия факультети | - | - | - | 4 |
| 14. | Табият таануу, география факультети | - | - | - | 1 |
| 15. | Юридика факультети | 1 | 2 | 2 | 3 |
| 16. | Тарых факультети | - | - | - | 3 |
| 17. | Искусство факультети | - | - | - | - |
| 18. | Медициналык колледж (Ош) | - | - | - | - |
| 19. | Медициналык колледж (Өзгөн) | - | - | - | - |
| 20. | Арашан гуманитардык институту | 1 | 1 | 2 | 2 |
| | **Баары: 323** | **47** | **63** | **85** | **128** |

Эл аралык медицина жана медицина факультеттерине Европа өлкөлөрүнөн, Россиядан, Индиядан, Өзбекстандан ж.б. өлкөлөрдөн келген адистер лекция окушуп, биргеликте илимий-изилдөө иштерин жүргүзүшөт. Ал эми Кыргыз-Кытай жана теология факультеттеринде Кытайдан жана Түркиядан келген адистер окуу процессин толук алып барышат.

2017-2018-окуу жылында бакалавриат жана магистратура баскычтарында баардыгы болуп 3500 миң студент билим алган. Алар негизинен Индия, Пакистан, Кытай, Түркия, Корея, Япония, Палестина, Малайзия, Россия, Казак-стан, Өзбекстан, Тажикстан, Сомали, Сирия, Афганистан ж.б. мамлекеттерден келишкен. Чет өлкөлүк студенттер арасында медицина багыты популярдуу адистик болуп саналгандыктан, ал багытка келип окугандардын саны жогору, андан тышкары филология багытында, кыргыз, орус, англис тилдери боюнча алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдөн студенттер жана магистранттар билим алышса, экономика, юридика, педагогика, табигый билим берүү, физика, математика багыттарында да жакынкы Россия, Өзбекстан, Тажикстандан келип окуган студенттердин саны арбын. Чет өлкөлүк студенттерди тартуу максатында ОшМУнун сайты кыргыз тилинен башка орус, англис, немец жана түрк тилдеринде жарыяланат. Академиялык мобилдүүлүктүн, эл аралык долбоорлорго катышуунун университетти дүйнөлүк академиялык жана илимий коомчулукка таанытуудагы өзгөчө ролун белгилей кетүү керек. Ошондой эле эл аралык деңгээлдеги конференциялар, семинарлар, олимпиадалар, спорттук жана маданий иш чаралар чет элдик студенттерди университетке тартууга чоң салымын кошоору талашсыз. Ишти мындан ары күчөтүү максатында англис тилинде академиялык программаларды көбөйтүү, кош дипломдуу программаларды ачуу мезгилдин талабы экенин белгилей кетүү зарыл.

Университеттин миссиясында белгиленгендей, ОшМУну билим берүүнүн, илимдин жана маданияттын дүйнөлүк мейкиндигине интеграциялоо улануу-да. Бул максатта 2018-2019-окуу жылында **70** ашык эл аралык деңгээлдеги иш чаралар өтөрүлгөн. 2017-2018-окуу жылынын аягына чейин өнөктөш жогорку окуу жайлардын саны **184** болсо, кийинки окуу жылга алардын саны **250** жеткен. ОшМУ **Мевлана, Эразмус+, ШКУУ (УШОС), ДААД, ITEC, Ош Декларациясы** ж.б. сыяктуу эл аралык жана ички мобилдүүлүк программалары менен активдүү иштеп келе жатат. Окуу жылында ОшМУнун **157** студенти ички академиялык мобилдүүлүк боюнча ата-мекендик ЖОЖдорго жиберилип, ал эми **161**студенттер, магистранттар жана окутуучулар ата мекендик ЖОЖдордон ОшМУга кабыл алынып, билимин өркүндөтүп кетишти. Алардын ичинен **"Эки тараптуу келишимдер"** боюнча жиберилген студенттердин саны **139** болсо, кабыл алынган **95** студент, **2** окутуучуну түздү. Ал эми, **"Ош декларациясы"** программасы боюнча жиберилген **18** студент, кабыл алынган **60** студент, **4** окутуучу көрсөткүчкө жетти.

ОшМУнун сырткы мобилдүүлүк боюнча 2018-2019-окуу жылындагы иш аракеттери да алкоого татырлык. "Эки тараптуу келишимдер" боюнча жиберилген сырт жакка барып келген студенттердин, магистранттардын жана окутуучулардын жалпы саны: **361** студент, **179** окутуучу дүйнөнүн **23** өлкөсүнүн **85** унивеситеттеринде болуп кайтышкан. Ошол эле учурда ОшМУга 2018-2019-окуу жылында "Эки тараптуу келишимдер" боюнча сырттан келген студенттердин, магистранттардын жана окутуучулардын жалпы саны дүйнөнүн **13** өлкөсүнүн **29** университетинен келген **25** студент, **90** окутуучу болгон [9].

Жогорудагылардын баары ОшМУнун акыркы

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



жылдардагы эл аралык байланыштарынын ийгиликтүү аракеттеринин натыйжасы экенин айгинелеп турат. Акыркы 20-25 жылда ОшМУ ийгиликтүү эл аралык байланыштарга таянуу, тынымсыз аракеттери, алгылыктуу иш аракеттери, менен элеттик университеттен эл аралдык деңгээлдеги Борбордук Азия чөлкөмүнүн ири университеттеринин бири катары таанныла алды. Мындай аброй ОшМУнун жамааты, студенттери үчүн чоң сыймык экени талашсыз.

**Адабияттар:**


1. Ош мамлекеттик университети өнүгүү жолунда. Ош, 2012. - 75-б.
2. Ош мамлекеттик университетинин архиви (мындан ары ОшМУнун архиви). - Ф.228. - Оп.1. - Д.2315. св. 195. - 163, 169-бб.
3. ОшМУнун архиви. - Ф.228. - Оп.1. - Д.2315. св. 195. -161, 167-бб.
4. Ош мамлекеттик университети өнүгүү... - 78, 80-бб.
5. ОшМУнун архиви.. - Ф.228. - Оп.1. - Д.2315. св. 195. - 161-164, 168-170-бб.; Маалыматтар ошол долбоордун катышуучуларынан алынды.
6. ОшМУнун архиви. ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинин 2017-жылдын 7- декабрындагы №3 жыйыны. - 4-5,51-52,55-бб.
7. ОшМУнун архиви.. ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинин. 2018-жылдын 25-майындагы №7 жыйыны. - 32-33-бб.
8. ОшМУнун архиви. ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинин 2018-жылдын 25-майындагы №7 жыйыны. - 28-32-бб.
9. ОшМУнун архиви. ОшМУнун Окумуштуулар Кенешинин, 2019-жылдын 2-ноябрындагы №3 жыйыны. - 31-32-бб.